КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Н. ИСАНОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
КУРУЛУШ, ТРАНСПОРТ ЖАНА АРХИТЕКТУРА УНИВЕРСИТЕТИ

Б.Н.ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ОРУС СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ

Д 05.17.553диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугу сакталат
УДК 624.9

Зафар Юнусович Охунов

# ҮЧ КАТМАРЛУУ КУРУЛУШ БУЮМДАРЫ МЕНЕН КОНСТРУКЦИЯЛАРЫН ӨНДҮРҮҮ ЖАНА МОНТАЖДОО ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ

05.23.05 – Курулуш материалдары жана буюмдары адистиги

Техникалык илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын
коргоо боюнча диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек - 2018

Диссертациялык эмгек академик М.С.Осими атындагы Тажик техникалык университетинде аткарылды.

**Иилимий жетекчи:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, техника илимдеринин доктору, профессор Абдырахман Субанкулович Мавлянов.

**Расмий оппоненттери:** техника илимдеринин доктору, профессор Мариям Токтахуновна Касымова, техника илимдеринин кандидаты Туратбек Мугалимович Касымов.

**Жетектөөчү уюм:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы мамлекеттик сейсмотуруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо институту, дареги: 720020, Бишкек ш., Чокан Валиханов көчөсү, 2.

Эмгекти коргоо 2018-жылдын 16-мартында саат 16-00 дө Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети менен Б.Н.Ельцин атындагы кыргыз-орус славян уинверситетинин алдындагы Д 05.17.553 диссертациялык кеңешинде өтөт, дареги: 720020, Бишкек ш., А.Малдыбаев көчөсү, 34-б., ауд.1/101, www.ksucta.kg.

Диссертациялык эмгек менен Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин китепканасында таанышууга болот, дареги: 720020, Бишкек ш., А. Малдыбаев көчөсү, 34-б.

Автореферат 2018-ж. «___»_________ таратылды.

Д 05.17.553диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
техн. илимд. канд., доцент Н.Ж. Маданбеков

# ЖУМУШТУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертация темасынын актуалдуулугу.** Калкалап туруучу конструкциялардын жылуулукка каршылыгын баскыч-баскыч менен жогорулатууну көздөп жаткан энергияны сарамжалдоо багытындагыимараттар менен курулмаларгауламөсүп бараткан талаптар мурдагы жана жаңы иштелип чыгып жаткан курулуш материалдарын, жасалгалар менен конструкцияларды жана ошондой эле аларды өндүрүүнүн жана монтаждоонун технологиясын өркүндөтүү зарылдыгын көрсөтүп жатат.

Жаңы талаптарга ылайык тургузулуучу дубал конструкцияларынын жылуулук өткөрүү каршылыгынын талап кылынган мааниси $R_{req}$ 1995-жылдын сентябрь айынан тарта орточо алганда мурунку талаптардан 2 эсе (1-баскыч) чоңойду, ал эми 2000-жылдын январынан тарта 75 % га (2-этап) өстү.

Кийинчерээк "Имараттардын жылуулукту сактоосу" аттуу СНиПРТ 23-02-2009 ченемдик документ биринчи жолу имараттардын энергетикалык натыйжалуулук класстарын жөнгө сала баштады, анда имаратты жылытууга кеткен энергиянын чыгымынын $q_h^{des}$ эсептеги комплекстүү көрсөткүчүнүн маанисине жараша каралат.

Иш жүзүндө иштелип жаткан энергиялык ресурстардын 30% га жакыны имараттарды жылытууга жумшалат. Ушуга байланыштуу имараттардын калкалоочу конструкцияларынын жылуулукту сактоо денгээлин жогорулатуу энергияны сарамжалдоонун, ошондой эле имаратты жылытуу үчүн отун-энергетикалык ресурстарды үнөмдүү пайдалануу менен ушуга жараша жылуулук-энергетикалык мекемелердин айлана-чөйрөгө тийгизген техногендик таасирин азайтуунун негизги факторлорунун бири болуп калат.

Отун-энергетика ресурстарынын баасынын кымбатташы жана энергияны сарамжалдоо боюнча жаңы ченемдердин киргизилиши жылуулук сактоочу полимер материалдардан турган, ийкем байланган курулуш конструкцияларын өндүрүп, курулушка пайдаланууга өбөлгө болду. Мындай энергонатыйжалуу калкалоочу конструкциялардын бири "Үч катмарлуу курулуш жасалгалары жана конструкциялары" (ҮККК) болуп саналат, ал бир эле учурда көтөрүүчү дубалдын да милдетин аткаруу менен, жылуулукту сактоочулук касиеттерин да алып жүрөт. ҮККК жылуулукту сактоочу пенополистиролдон жана торкретбетондон турган тышкы кабыктан туруп, экөө бири-бирине аркакташкан стерженьдер менен бириккен жана ширетилген торлор менен ашташкан. Учурда ҮККК ири панелдүү курулуш иштеринде улам кеңири пайдаланылып жатат.

Бирок, жогоруда айтылган ҮКККнын кемчиликтери да бар: пенополистирол жылуулагыч узак мөөнөткө чыдабайт жана табигый мүнөздө эле эскирип (деструкция) баштайт. Андан сырткары, ҮККК жасалуучу бетондордун газ, суу, буу өткөрбөөчүлүк касиеттерине өтө катуу талап коюлат, анткени бетон кабыктарынын ортосунда жайгашкан пенополистирол жылуулагыч ички (деструкция) эле эмес тышкы факторлордон улам (суу, жаан, атмосфера, нымдуулук ж.б.ус.) дагы эскире берет.

Бетон өзү майда жол-жол тешикчелүү композициялык материал. Жол-жол тешикчелерден нымдуулук диффузиялык-осмосттук жана капиллярдык

күчтөрдүн аркасында ар кай жакка жылып жүрүшү мүмкүн, бул бетон менен арматуралардын талкаланышына эле себеп болбостон, бетондун капталында тийишип турган пенополистирол жылуулагычка да терс таасирин тийгизет. Сырткы факторлордун узак таасиринен улам пенополистиролдун структурасы өзгөрүүгө дуушар болот дагы, натыйжада анын жылуулук-физикалык касиеттери да начарлайт. Бетондун жыштыгын, эч өткөрбөс катуулугун күчөтүү менен ҮККнын бышыктыгын, энергонатыйжалуулугун да күчөтүүгө болот. Жогоруда айтылгандардан улам бул эмгек техникалык касиеттери жакшыртылган пенополистирол плиталарын изилдөөгө жана иштеп чыгууга, газ, суу жана буу өткөрбөс касиети жогору торкретбетондун курамын иштеп чыгууга, ҮККны даярдоо жана монтаждоо технологиясын өркүндөтүүгө арналган.

**Диссертациялык эмгектин максаты** имараттар менен курулмалардын энергонатыйжалуулугун камсыз кылуу жана дагы жогорулатуу үчүн жеңил жасалмаларды жана конструкцияларды өндүрүүнүн технологиясын иштеп чыгуу болуп саналат.

**Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн төмондөгүдөй милдеттер аткарылды:**

- жергиликтүү материалдардын негизинде абдан бышык, газ, суу жана буу өткөрбөс касиети жогору торкретбетонду алууну изилдөө;
- жыштыгы төмөн жана узакка чыдаган пеноплистирол плиталарын өндүрүүнүн технологиясын иштеп чыгуу;
- жаңы, абдан катуу ҮККны иштеп чыгуу;
- ҮККны монтаждоонун технологиясын жана бекитүүчү түйүндөрдүн конструкциясын иштеп чыгуу;
- ҮККны колдонуу менен имараттарды жана курулмаларды тургузуунун натыйжалуулугуна техникалык-экономикалык негиздеме берүү.

Эмгекте сунушталган **илимий жоболордун, бүтүмдөр менен сунуштардын тууралыгы, тактыгы** заманбап усулдарды жана техникалык каражаттарды пайдалануу менен аткарылган, теориялык жана эксперименттик изилдөөлөр менен далилденген жана ошондой эле теориялык жоболорду жүзөгө ашыруудагы жакшы натыйжалар менен бекемделген.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы төмонкүдөй:**

- ҮККнын бетон кабыгы катары пайдалануучу газ, суу жана буу өткөрбөс касиети жогору торкретбетондун курамы иштелип чыкты жана оптималдаштырылды;
- жыштыгы төмөн (10 кг/м$^3$) жана узакка чыдаган пеноплистирол плиталарын жасоонун технологиясы өркүндөтүлдү;
- ҮККны горизонталдык ыкма менен өндүрүүнүн жаңы технологиясы иштелип чыкты;
- ҮККны монтаждоонун технологиясы жана бекитүүчү түйүндөрдүн конструкциясы иштелип чыкты;
- ҮККнын узата ийректерине карата ийилүүчү элементтерин эсептөө методикасы иштелип чыкты;

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

- жыштыгы 10 кг/м$^3$ болгон пенополистирол плиталарын өндүрүүнүн жана пенополистирол түйнөктөрүн жасоонун жаңы технологиясы киргизилди;
- ШТ 5800 ЧТ 10326441-001-2013 "Мейкиндикте аркакташкан дубалдар менен шыптардын үч катмарлуу курулуш конструкциясынын курама жана курама-монолиттүү темир-бетон элементтеринин Техникалык шарттары" иштелип чыкты (Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы курулуш жана архитектура Агенттиги тарабынан бекитилген, Дүйшөмбү, 2013-жыл).
- "Үч катмарлуу курулуш конструкциясынын эсебин жана долбоорун алып барууга Көрсөтмө" иштелип чыкты (Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы курулуш жана архитектура Агенттиги тарабынан бекитилген, "Курулуш жана архитектура Илим изилдөө институту" мамлекеттик унитардуу мекеме(МУМ), "Тиниал" ООО, Дүйшөмбү, 2013-жыл).
- "Сейсмикалуулугу 8-9 балл болгон райондордо курулуучу турак жай жана коомдук имараттардын дубалдарын байланыштыруучу түйүндөр иштелип чыкты, Сериясы ВТУ – ТСК.Т в1,1-чыгарылышы, " Сырткы жана ички дубалдар менен шып плиталар үчүн ҮККК панелдери" (Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы курулуш жана архитектура Агенттиги тарабынан бекитилген, Дүйшөмбү, 2013-жыл).
- "Үч катмарлуу курулуш конструкцияларын тургузуу боюнча көрсөтмөлөр" иштелип чыкты (Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы курулуш жана архитектура Агенттиги тарабынан бекитилген, Дүйшөмбү, 2013-жыл).

Диссертациялык эмгектин натыйжалары төмөнкүлөргө колдонулду:

- жыштыгы 10 кг/м$^3$ болгон пенополистирол плиталарын алуунун технологиясын ишке киргизүүдө;
- үч катмарлуу курулуш конструкцияларын горизонталдык ыкмада өндүрүүнүн технологиясына;
- Тажикстан республикасынын Согди облусундагы Капиталдык курулуш башкармасынын обьектилерин курууда:

1. Ходжент калаасындагы президенттик бала бакчасына;
2. Ходжент калаасындагы сууда сүзүүчү бассейнге;
3. Ходжент калаасындагы спорт сарайына;
4. Гафуров шаарындагы спорт комплексине;
5. Согди облусундагы орто мектептердин спорт залдарына;
6. Истаравшан шаарындагы "Далерон" спорт комплексине;
7. Кайраккум шаарындагы "Шохин" спорт комплексине.

- Ходжент калаасындагы М.С.Осими атындагы Тажик техникалык университетинин Политехникалык институтунун окуу корпусун курууда;
- Дүйшөмбү шаарындагы Маяковский 89, Нусратулло Махсум 56, Хисори 42/5, Борбад 64/3 көчөлөрүндөгү көп кабаттуу турак үйлөрдү курууда;

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.**

Сунушталган үч катмарлуу курулуш конструкциясын киргизүүнүн экономикалык натыйжасы төмөнкүдөй:

- Дубал конструкциялардын энергонатыйжалуулугу 2 эсеге көбөйөт;
- Эсептелген сейсмикалык жүгү 50% азаят;
- Имараттын курулуш-монтаждоо иштеринин жалпы наркы 1,2 – 2 эсеге азаят;
- Обьектинин куруу мөөнөтү 1,5 эсеге кыскарат;

Экономикалык натыйжа ишке киргизүү актылары менен тастыкталган.

**Коргоого чыгарылган диссертациялык эмгектин негизги жоболору:**

- ҮККнын бетон кабыгы катары колдонулуучу бетон аралашмасынын курамы;
- жыштыгы 10 кг/м$^3$ болгон пенополистирол плиталарын алуунун технологиясы;
- үч катмарлуу курулуш конструкцияларын горизонталдык ыкмада өндүрүүнүн технологиясы;
- ҮККнын бекитилүүчү түйүндөрүнүн иштелип чыккан конструкциясы;
- ҮККны пайдалануу менен имараттарды жана курулмаларды тургузуунун натыйжалуулугуна техникалык-экономикалык негиздеме.

**Окумуштуулукка талапкердин жеке салымы.** Диссертациялык эмгектин авторунун илимий-изилдөө, эксперименттик жумуштарга жана өндүрүшкө түздөн-түз катышуусу өнөр жайына полистиролдон түйнөктөрдү иштеп чыгаруунун жана ҮККны, ошондой эле тез арада курулуучу имараттардын конструкциясын жасоонун эффективдүү, ишке жарамдуу технологиясын сунуштоого түрткү болду. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары автордун өзүнүн катышуусу менен өндүрүшкө киргизилди, ченемдик документтер иштелип чыкты жана Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы курулуш жана архитектура Агенттиги тарабынан аракетке келтирилди.

**Диссертациянын натыйжаларын сыноо.** Диссертациялык эмгектин негизги жоболору жана жыйынтыктары төмөндө жарыя болду:

- “Курулуш тармагындагы энергонатыйжалуулуктун учурдагы проблемалары” аталган республикалык илимий конференцияда, ПИТТУ, Ходжент шаары, 2013-ж.;
- “Курулмалар менен шаарлардын сейсмотуруктуулук коопсуздугу жана сейсмикалык райондоштуруу боюнча” Россиялык Х улуттук конференцияда, Сочи ш., 2013-ж.;
- Тажикстан республикасынын Архитектура жана курулуш комитети уюштурган “Курулушта үч катмарлуу курулуш конструкциясын колдонуунун натыйжалуулугу” аттуу илимий-практикалык конференцияда, Дүйшөмбү ш., 2014-ж.;
- “Кыргызстандын курулуш боюнча билим берүүсү жана илими:интеграциялар, инновациялар жана шериктештиктер” аттуу

Эл аралык илимий-практикалык конференцияда, Бишкек ш., 2014-ж.;

- “Заманбап жогорку технологиялуу курулуш материалдары” аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференцияда, Дүйшөмбү ш., 2015-ж.;
- “Көп кабаттуу жыш конуштарды куруу проблемалары” аттуу Республикалык илимий конференцияда, ПИТТУ, Ходжент ш., 2015-ж.;
- “Инновациялык технологиялар жана алдыңкы чечилиштер” аттуу студенттер менен жаш окумуштуулардын Эл аралык илимий-практикалык конференция - конкурсунда, Бишкек ш., 2015-ж.;
- Инновациялык технологялар жана алдыңкы чечилиштер” аттуу студенттер менен жаш окумуштуулардын Эл аралык ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференция - конкурсунда, Бишкек ш., 2016-ж.;
- “ Рахматулин-Ормонбек окуулары” аттуу Эл аралык илимий конференцияда, Бишкек ш., 2017-ж.,
- “Шаарлар менен эл жашаган айылдардын сейсмикалык коопсуздугун жогорулатуу”аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияда, Дүйшөмбү ш., 2017-ж.;

**Диссертациялык эмгектин жыйынтыктарын чагылдыруу денгээли.** Автордун изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарынын негизинде 4 ченемдик документ иштелип чыккан жана алар Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы курулуш жана архитектура Агенттиги тарабынан бекитилген. Диссертациянын материалдары боюнча 13 материал жарыяланган жана 9 материал Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы (ЖАК) тарабынан сунушталып басылып чыккан.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.**Диссертациялык эмгек киришүүдөн, төрт главадан, пайдаланылган адабияттар тизмесинен турат. Эмгектин көлөмү 153 бет жана анда 25 таблица, 66 сүрөт, 2 тиркеме, библиографияда 125 аталыш бар.

## ЭМГЕКТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** ушул изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн актуалдуулугу жана зарылдыгы көрсөтүлгөн. Жумуштун максаты коюлуп, изилдөөлөрдүн негизги милдеттериайкындалган, илимий жаңылыгы, алынган жыйынтыктардын практикалык жана экономикалык мааниси, коргоого чыгарылган диссертациянын негизги жоболору, анын кыскача мазмуну жана эмгектин сынагы берилген.

**Биринчи главада** иликтөөгө алынган проблеманын учурдагы абалы анализденет, электр энергиясынын базар баасы улам кымбаттап баратышынан, энергияны өндүрүүгө байланыштуу экологиялык проблемалардан жана жалпы эле ресурстардын чектелгендигинен улам энергияны жана ресурстарды сарамжалдоонун учурдагы мааниси баяндалат. 1995-жылдан тарта азыркы учурга чейинки сырткы дубал конструкцияларынын жылуулукту сактоосу боюнча жаңы талаптарга акырындап өтүүнүн маселелери каралган.

Азыркы мезгилде имараттардын сырткы дубалын мыкты жылуулагычтары менен көп катмарлуу конструкциялардан тургузуу бир кыйла кеңири таралган .Учурдагы курулуш базарын анализдөө көрсөтүп жаткандай, жылуулукту сактоочу материалдардын ичинен минералдык жана айнек кебездер жана пенополистирол плиталар кеңири колдонулуп жатат.Эмгекте көрсөтүлгөндөй, Тажикстан республикасында жылуулукту сактоочу материалдарды керектөөнүн жалпы көлөмүнүн 20% ын пенополистирол плиталар түзөт.

Адабияттардагы маалыматтарды серептөөдөн пенополистирол плиталарынын минералдык кебезге салыштырганда бир топ артыкчылыктары бар экендиги көрүнөт. Ал жылуулукту сактоочу сапаты боюнча бир топ натыйжалууу, салмагы бир кыйла жеңил, бирок, кемчиликтери да бар: өрттөнүп кетүү кооптуулугу бар , уулуу жана тез эскирет. Ошону менен катар эле, курулушта пенополистирол материалдарын колдонуунун көлөмү өсүп бара жатканын белгилөөгө болот. Пенополистиролдун ички жагдайдан ( полимердин табигый эскириши – деструкциясы) жана сырткы факторлордон (суюк агрессивдүү чөйрөнүн жана нымдын таасиринен) улам бузулушунун проблемалары каралды. Пенополистиролду жогорудагы коркунучтардан сактоо үчүн, сырткы факторлордун пенополистиролго таасирин азайтуу максатында конструктивдүү чечимдерди иштеп чыгуу зарыл болот. Мындай чечимдердин бири ҮКККны колдонуу, анда пенополистирол жылуулагыч эки тарабынан тең бетон менен капталып, сырткы факторлордун таасиринен дыкат тосулат. Бирок, белгилеп кетүү зарыл: бетон жол-жол тешикчелүү материалга кирет. Жол-жол тешикчелер цемент чыласын седиментациялоодон улам ичинен суу бөлүнүп чыккандан же цементтен жасалган ташка түшкөн оордуктун тегиз эместигинен пайда болот. Бетондун тешикчелерине агрессивдүү заттардын, суунун сиңиши, андан ары цемент таш менен жылуулагычтардын тийишкен жериндеги майда көңдөйчөлөрдөн чыпкаланышы бетонго жана ашташкан каркастарына, ошол эле учурда жылуулагычтарга тескери таасирин тийгизет, анткени пенополистирол плиталар бетон менен тийишип турат. Сырткы факторлордун узак убакыт таасиринен улам пенополистиролдун структурасы өзгөрүлүп, натыйжада анын жылуулук физикалык сапаттары начарлайт. Техникалык сапаттары жакшыртылган пенополистирол плиталарды жана газ, суу жана буу өткөрбөс касиети жогору торкретбетондун курамыништеп чыгуу боюнча бүтүм чыгарылат.

**Экинчи главада** изилдөөнүн усулдары менен ага пайдаланылган материалдар берилет. Материалдардын курамын, касиетин анализдөө жана изилдөө үчүн, ошондой эле алардын негизинде бетонду чыгаруу үчүн изилдөөнүн заманбап курал-жарактарды колдонуу методдору пайдаланылгандыгы баяндалды жана стандартта бекитилген аралашмалар менен даяр материалдардын жана жасалгалардын мүнөздөмөсүн аныктоонун ыкмасы көрсөтүлдү.

**Үчүнчү глава** ҮКККны даярдоо үчүн жыштыгы төмөн пенополистирол плиталары менен газ, суу жана буу өткөрбөс касиети жогору торкретбетондун курамын изилдөөгө жана иштеп чыгууга арналган. Бетон аралашмасына СП-3 химиялык кошулмасын пайдаланып торкреттөө үчүн бетондун курамын оптималдаштыруу боюнча изилдөөлөр келтирилди. Изилдөөлөр «Таджикцемент» МУМда (мамлекеттик унитардык мекеме), ПЦ 400-Д0

порталдцементи, толтургуч фракциясы 4мм болгон гранит кум менен жүргүзүлдү. Изилдөө максатында СП-3 кошулмасынан 0,3% дан 1,0% га чейинки өлчөмдө алынды. Кошулмасы жок жана СП-3 кошулмасы бар бетон аралашмасынын курамы менен бышыктык касиети 1-таблицада берилген. 2-таблицада болсо бетон үлгүлөрүнүн суу өткөрбөстүк сапатын аныктоонун орточо маанилери берилген.

1 - таблица. Кошулмасы жок жана СП-3 кошулмасы бар бетон аралашмасынын курамы менен бышыктык касиети

| Бетон аралашмасы | Бетон аралашмасынын курамы | СП-3 кошулмасынын өлчөмү, цементтин массасынан % менен | Бетондун жашы, сут. | Кыскандагы бышыктык чеги, МПа |
|---|---|---|---|---|
| №1 | Цемент - 300 кг/м$^3$, Кум – 1750 кг/м$^3$, Суу – 130 л/м$^3$ | 0 | 3 | 21,5 |
| | | | 7 | 25,2 |
| | | | 28 | 32,6 |
| №2 | | 0,3 | 3 | 29,3 |
| | | | 7 | 34,8 |
| | | | 28 | 36,1 |
| №3 | | 0,5 | 3 | 32,3 |
| | | | 7 | 35,9 |
| | | | 28 | 40,0 |
| №4 | | 0,8 | 3 | 27,4 |
| | | | 7 | 30,7 |
| | | | 28 | 34,3 |
| №5 | | 1,0 | 3 | 23,1 |
| | | | 7 | 24,0 |
| | | | 28 | 29,5 |

Эксперименттик изилдөөлөр менен кыскандагы бышыктыгы менен суу өткөрбөс сапаты мыкты торкретбетон жергиликтүү сырьелук материалдардан СП-3 кошулмасын цементтин массасынан 0,3-0,8 % га аралаштыруу менен алынды. 1 жана 2-таблицалардан көрүнүп тургандай, №2, №3 и №4 үлгүлөрдүн кыскандагы бышыктыгы менен суу өткөрбөс сапаты №1 (СП-3тү кошпогондо) жана №5 үлгүдөн ( СП- 3тү көп кошкондо) мыкты. №2, №3, №4 үлгүдөгү торкретбетон суукка туруктуулугун жана сууну начар сиңирээрин көрсөттү.

2 - таблица. Бетон үлгүлөрүнүн сууну өткөрбөстүгүнүн орточо маанилери

| Бетон аралашмасы | Капилляр-дык көтөрүү-нүн орточо бийиктиги ($h_0$), м | Суу өткөрбөстүгү, атм | Суу өткөрбөстүгү боюнча маркасы, W | Массасы боюнча суу сиңиргичтиги, $W_m$, % |
|---|---|---|---|---|
| №1 | 0,024 | 5,5 | 4 | 7,1 |
| №2 | 0,017 | 11,5 | 10 | 4,4 |
| №3 | 0,016 | 12,0 | 10 | 4,1 |
| №4 | 0,019 | 10,7 | 10 | 4,9 |
| №5 | 0,029 | 4,1 | 4 | 7,9 |

Жыштыгы 10 кг/м$^3$ болгон, талап кылынган техникалык мүнөздөмөлөргө ылайык пенополистирол плиталарын жасап чыгаруу мүмкүнчүлүгү теориялык жактан негизделип, эксперимент түрүндө ишке ашырылды. Пенополистирол

түйнөктөрүн жасоонун жаңы технологиясын иштеп чыгуунун натыйжалары берилди. Иштелип чыккан технология боюнча алынган жыштыгы 10 кг/м$^3$ болгон пенополистирол плиталарынын физикалык-техникалык мүнөздөмөлөрү 3-таблицада берилген.

3 - таблица. Жыштыгы 10 кг/м$^3$ болгон пенополистирол плиталарынын физикалык-техникалык мүнөздөмөлөрү

| Үлгүнүн номуру | Жыштыгы, кг/м$^3$ | Кыскандагы бышыктыгы 10% сызык. деформ., МПа | Созгондогу бышыктыгынын чеги, кПа | Суу сиңиргичтиги (көлөмү боюнча), %, 24 сааттын ичинде | Жылуулук өткөрүүчү коэффициенти, Вт/(м·К) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 10 | 0,07-0,08 | 150-200 | 1,5 | 0,036 |
| 2 | 10 | 0,06-0,07 | 100-150 | 3,5 | 0,036 |

*Эскертүү: 1-үлгү «Тиниал» ОООсунда (Дүйшөмбү ш.), биз иштеп чыккан өндүрүш технологиясы боюнча даярдалган;*

*2-үлгү ошол эле, Дүйшөмбү шаарындагы турак үйлөрдүн сыртынан жылуулук сактоочу катары каптап, бир нече жылдан бери пайдаланылып келе жатат.*

Иштелип чыккан технология боюнча алынган пенополистирол плиталарынын структурасын иликтөөлөр (3-таблица) көрсөткөндөй, пенополистиролдун бөлүктөрүнүн кабыргаларыубакыт өтүшү менен бир аз гана өзгөрүүгө дуушар болгон. 1 жана 2 үлгүнүн структураларынын электрондук сүрөттөрү 140 эсе оптикалык чоңойтулуп, 1-сүрөттө берилген.




1-сүрөт. Структуранын электрондук сүрөттөрү: а) - «Тиниал» ОООсунда (Дүйшөмбү ш.) иштелип чыккан өндүрүш технологиясы боюнча даярдалган, жыштыгы 10 кг/м$^3$болгон пенополистирол плитасы; б) – узак мөөнөттө пайдаланылган, жыштыгы 10 кг/м$^3$болгон пенополистирол плитасы.

Пенополистирол плиталарынын негизги мүнөздөмөлөрүн аныктоонун төмөнкүдөй маалыматтары берилген: жыштыгы, 10%дык түз деформациялоодогу кысылууга туруктуулугу, чоюлгандагы бышыктык чеги, суу сиңиргичтиги, жылуулук өткөргүчтүгү жана чыдамдуулугу. Иликтөөлөр үчүн «Тиниал» ОООсунда (Дүйшөмбү ш.) иштелип чыккан өндүрүш технологиясы боюнча алынган, жыштыгы 10 кг/м$^3$болгон пенополистирол плитасынын үлгүсү жана ага салыштыруу үчүн стандарттык технология менен алынган, жыштыгы 15 кг/м$^3$пенополистирол плитасынын үлгүсү тандалып алынган.

Дүйшөмбү шаарындагы турак үйлөрдүн сыртынан жылуулук сактоочу катары каптап, 20 жылдан бери пайдаланылып келе жаткан пеноплистирол плиталарынын чыдамдуулугу изилденген. Иликтөөлөр тастыктагандай, иштелип чыккан өндүрүш технологиясы боюнча алынган, жыштыгы 10 кг/м$^3$болгон пенополистирол плитасынын түйнөктөрү физикалык-техникалык мүнөздөмөлөрү боюнча стандарттык технология менен алынган, жыштыгы 15 кг/м$^3$пенополистирол плитасынан калышпайт.

Узак убакыт бою эксплуатациядагы пенополистиролдун бөлүктөрүнүн кабыргалары көбүрөөк бузулган учуру жыштыгы 15 кг/м$^3$болгон үлгүдөн байкалган , ал эмиштелип чыккан өндүрүш технологиясы боюнча алынган, жыштыгы 10 кг/м$^3$болгон пенополистирол плитасынын бөлүктөрүнүн кабыргалары бир кыйла азыраак бузулган (1-сүрөт). Пенополистирол плитасынын бөлүктөрүнүн кабыргалары негизинен күндүн нуру, жаан-чачындар, абанын табигый нымдуулугу сыяктуу сырткы факторлордун жана ошондой эле пенополистирол плитасы менен жакын жайгашкан материалдардын нымдуулук (керамика, бетон, жыгач ж.б.у.с.) таасиринен улам бузулат. Жогоруда айтылгандарга байланыштуу имараттар менен курулмалардын дубал конструкцияларын пенополистирол плиталар менен жылуулаганда пенополистиролду күн нурунан, жаан-чачын, атмосфералык таасир сыяктуу сырткы факторлордон жана суу өткөргүчтүк сапаты начар ар кыл материалдардан коргоону дагы алдын алуу зарыл. Пенополистиролдун түйнөктөрүн жасоочу станок иштелип чыккан, станок пенополистирол түйнөктөрү көөп чыгыш үчүн технологиялык линияга буу жиберип турган бууөндүргүчтөн турат. Көөп чыккан түйнөктөр өркүндөтүлгөн технологиянын жардамы менен 70 эсеге чоңоет. Алынган пенополистирол плиталардын жыштыгы 10 кг/м$^3$экендиги көрсөтүлөт жана ал жүргүзүлгөн сыноолор менен далилденет, ошол эле учурда стандарт жабдуулардан жыштыгы 15 кг/м$^3$ болгон пенополистирол плиталарын алууга болот.

Иштелип чыккан технологиялык процесстин мурунку технологиядан айырмасы – пенополистирол дандарынын эки эсе көбүрүп чыгышы болуп саналат. Алгач ирет көбүргөндө көлөмдүк салмагы 15 кг/м$^3$ ге чейин чоңойсо, экинчисинде 6 кг/м$^3$ге чейинчоңоет. Блокторду даярдоодо буунун үзгүлтүксүз басымы алдында 10 мүнөткө блокформаны кармоо зарыл. Мында бардык дандар бири-бирине жабышып калышат дагы, 10 кг/м$^3$көлөмдүк салмакта алар майдаланбайт. Мурунку технологиялардын кемчилиги – буунун басымы алдында 20 секундга чейин гана кармагандыгы.

**Төртүнчү главада** үч катмарлуу курулуш конструкцияларын горизонталдык ыкмада өндүрүүнүн технологиясын иштеп чыгуунун жыйынтыгы берилген. ҮКККнын дубал жана шып заводдорунда даярдалган элементтеринин конструкциялары жана бетондоого талаптары ар кыл. Завод шарттарында даярдалган дубалдарды пайдаланууда дубалдын эки тарабына тең бетон катмары куюлса гана максатка ылайыктуу болот. Андан сырткары, сырткы дубалдардын ички капталына болсо бетондун бир кыйла калыңыраак катмарын куюу зарыл, бул айрыкча заводдо даярдалган шыптарды пайдалануучу системаларга керек. Иштелип чыккан төмөнкү жыштыктагы пенополистирол плиталары энергонатыйжалуу ҮККны алуунун технологиясын иштеп чыгууда пайдаланылган.ҮККК калыңдыгы 40-100 мм болгонпенополистирол жылуулагычтан, параллель жапырактан, аларды жапкан аркакташкан тордон жана диагонал багытта жантайылып, карама-каршы тараптагы жабылган тордун стержендерине эритилип бекиткенарматура –

ачалардан турат. Диагонал арматуранын стержендери пенополистирол жылуулагычтарды тепчип өтүп турат, ошондуктан ал стержендерди дат басуудан сактоо үчүн цинк менен каптоо зарыл. Эгерде торкребетондун калыңдыгы жетишерлик болсо жабуучу торду цинк менен каптабай койсо болот.

Торкретбетон дубал же плита панелдер биротоло тургузулган соң плитанын алдынкы бетине же боорлоруна капталат.Көпчүлүк учурда муну бетонсоргучтун жардамы менен жасашат, анткени торкретбетонду кол менен каптаганда өтө көп убакыт кетет. Торкретбетонду дайыма 2 же 3 катмар кылып шыбашат. Биринчи катмары жасалма жана конструкцияга зарыл болгон бышыктык камсыз кылат, ал курулуш учурунда чыдамдуу болот. Эгерде үстүңкү панелди ушинтип бетондоп койсо үстүңкү кабаттын дубалдарын тургузууга болот. Келерки катмар эң аз дегенде 2 см калыңдыкта (панелдин аркакташкан торуна чейин эсептелет) болот. Торкретбетондун бул катмары кол менен түздөлүп шыбалат. Анткени аны бир кыйла тегиздеп, ошол эле мезгилде одонороок кылып таштоо зарыл. Кургак аралашма торкребетонду биринчи шыбаганда бир кыйла калыңыраак каптаган пайдалуу, андан соң экинчи шыбаганда 10-15 мм калындыкта болот. Бул учурда экинчи катмар жылма тегиздикти камсыз кылат. Негизинен, кургак аралашма торкребетонду кайрадан иштетүүгө болбойт. Ошондуктан акыркы катмарды мындай жол менен даярдоо сунушталбайт.

